**Кыргыз Республикасынын Президентинин**
**2013-жылдын 18-декабрындагы № 230 Жарлыгы**

## Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө

«Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө», «Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын ортосундагы жарандык алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралу» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жарандык маселелери боюнча комиссиянын сунушун эске алуу менен, **токтом кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө төмөнкү адамдардын өтүнүчтөрү канааттандырылсын:

1) **АМАТОВ Мырзакасым Кудайбердиевич,** кыргыз, 1963-жылы Кыргыз ССРинин Ош облусунун Совет районундагы Кара-Кулжа айылында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

2) **БЕЛЯЦКИЙ Анатолий Владимирович,** белорус, 1976-жылы Кыргыз ССРинин Ош облусунун Таш-Көмүр шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаарында жашап жатат;

3) **ИСКАНДАРОВА (Туфанова) Севинг Алиевна,** түрк, 1987-жылы Кабардин-Балкар АССРинин Нарткала шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Юрьевка айылында жашап жатат;

4) **КАМНЕВ (Пономарев) Олег Анатольевич,** орус, 1974-жылы РСФСРдын Алтай облусунун Тоолуу-Алтай шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Жайыл районундагы Кара-Балта шаарында жашап жатат;

5) **МАЛАЕВА Гюльнара Ганифаевна,** лезгин, 1970-жылы Кыргыз ССРинин Сокулук районундагы Төмөнкү Чүй айылында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районундагы Төмөнкү Чүй айылында жашап жатат;

6) **МЯГКОВ Максим Сергеевич,** орус, 1988-жылы Кыргыз ССРинин Фрунзе шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

7) **ПОПОВА (Штрайденберг) Анна Ивановна,** немец, 1938-жылы Кыргыз ССРинин Кант районундагы Мопр айылында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

8) **САГИРОВ Ренат Фатыхович,** татар, 1986-жылы Кыргыз ССРинин Фрунзе шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

9) **ТУРМАНОВА Нургуль Жаксыбековна,** казак, 1985-жылы Казак ССРинин Чимкент облусунун Түркестан шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Ош шаарында жашап жатат.

2. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**